DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2023

*Кушубакова Ш.А.*

## ИСХАК РАЗЗАКОВ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИ

*Кушубакова Ш.А.*

## ИСХАХ РАЗЗАКОВ И КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК

*Sh. Kushubakova*

## ISKHAK RAZZAKOV'S AND KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 94(575.2) (04)*

*Коомдук жана саясий ишмер Исхак Раззаковдун Кыргызстанда ар бир тармактын өсүп-өнүгүшүнө жасаган аракети, анын жыйынтыктары өзүнчө талдоого алууга, илимий уктук, тарыхый, социалдык-экономикалык жактан баа берүүгө арзыйт. Белгилүү болгондой 1945-жылы 4-ноябрда Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын саясий бюросунун чечими менен Совет өкмөтү тарабынан И.Раззаков Кыргызстандын Министрлер советинин төрагалык кызматына жөнөтүлгөн. Согуштан кийинки эл чарбасынын абалы оор учурунда башкарууга келген И.Раззаков болгон күчүн, билимин, талантын республиканын экономикалык өнүгүп-өсүшүнө жумшаган. И.Раззаков Кыргызстан КПБКнын 1-катчысы болуп иштеген 1950-61-жылдары улуттун баалуу мурастары, улуттун жаркын келечеги, эртеңи үчүн баа жеткис эмгек сиңирген. Бул макалада И.Раззаковдун мамлекеттик тилге көргөн камкордугу жана анын жыйынтыктары тууралуу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, совет бийлиги, мамлекеттик тил, кыргыз тил, жетекчи, токтом, чечим, кыргыз эли, маданият, билим.*

*В данной статье показаны усилия общественно-политического деятеля Исхака Раззакова по росту и развитию каждой отрасли в Кыргызстане и его результаты заслуживают отдельного анализа, оценки их с научной, правовой, исторической, социально-экономической точек зрения. Как известно, с 4 ноября 1945 г. решением Политбюро Коммунистической партии Советского Союза Советское правительство И. Раззаков был направлен на должность Председателя Совета Министров Киргизии. И. Раззаков, пришедший к власти в трудной послевоенной экономической ситуации, все свои силы, знания и талант тратил на экономическое развитие республики. В 1950-1961 годах, когда И. Раззаков работал первым секретарем ЦК Киргизии, внес неоценимый труд для ценного наследия нации, светлого будущего, завтрашнего дня, а также для развития кыргызского языка.*

***Ключевые слова:*** *государство, советская власть, государственный язык, кыргызский язык, вождь, резолюция, решение, кыргызский народ, культура, образование.*

*The efforts of social and political statesman Ishaq Razzakov for the growth and development of each industry in Kyrgyzstan, its results are worth analyzing separately, evaluating from a scientific, legal, historical, socio-economic point of view. As is known, on November 4, 1945, by the decision of the Political Bureau of the Communist Party of the Soviet Union, the Soviet government sent I. Razzakov to the post of Chairman of the Council of Ministers of Kyrgyzstan. I. Razzakov, who came to power during the difficult post-war economic situation, spent all his strength, knowledge, and talent on the economic development of the republic. In 1950-1961, when I. Razzakov worked as the first secretary of the Kyrgyz Central Committee, he earned invaluable work for the nation's valuable heritage, bright future. This article describes I. Razzakov's concern for the state language and its results.*

***Key words:*** *state, Soviet power, state language, Kyrgyz language, leader, resolution, decision, Kyrgyz people, culture, education.*

XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башталышы постсоветтик өлкөлөрдүн мейкиндигинде анын ичинде Кыргызстанда тилге жаңыча көз караштар пайда болду. Кеңеш доорунун тушунда өзгөчө 40-жылдардан кийин бийлик башында отурган төбөлдөр өздөрү баш болуп орус тилине ык алып, сыртына интернационалист деген костюмду кийип, ичинде такыр башкача маңызды алып жүрүшкөн. Ага байланыштуу кыргыз тили өз элде, өз жерде өгөйлөнүп, абалы бир топ татаалдашкан болчу. Албетте **с**овет мезгилинин алгачкы жылдарында кыргыз тилине дурус маани берилген. Тактаганда, бул доордун 1920-1925-жылдарындагы иш-кагаздарында кыргыз тилине өткөрүү, кыргыз тилин жана жазмасын билгендерди жумушка алуу, артыкчылык берүү боюнча маселелер тез-тез күн тартибине коюлуп тургандыгын көрүүгө болот. РСФСРнын Кыргыз Автономдуу облусунун Советтеринин Аткаруу Комитетинин 2-сессиясында мекемелердин бөлүм башчылары жана өкүлдөрү менен биргелешкен отурумунда бардык аймактарда, болуштуктарда, айыл Советтеринде иш-кагаздарын кыргыз тилине өткөрүүгө бардык чараларды көрүүнү сунуштоо көрсөтүлгөн. Ошондой эле мамлекеттик деңгээлдеги кызматкерлер биринчи кезекте жергиликтүү улуттардан же кыргыз тилдерин билгендерден кабыл алуу белгиленген. Отурумдун протоколуна төрага Абдыкадыр Орозбеков кол койгон [1]. Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу Комитетинин төрагасы И.Калинин 1925-жылдын 12-декабрында СССР Эл Комиссарлар Советинин Бүткүлроссиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин "Түркстанда иш кагаздарын жергиликтүү тилге өткөрүүнү ыкчамдатуунун чаралары жөнүндөгү" токтомго кол коет [2]. Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Юсуп (Жусуп) Абдрахманов кол койгон Кыргыз Автономдуу ССРинин Эл комиссарлар Совети жана Советтердин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1928-жылдын 3-мартындагы "КырАССРинде советтик аппаратты улутташтыруу жөнүндө" №40 токтомунда аппараттын иш-кагаздарын кыргыз тилине өткөрүү, тилди билбегендерге курстук окууларды өткөрүү, кыргыз калкы жашаган жерлерде катнашууну жалаң гана кыргыз тилинде жүргүзүү сыяктуу маселелер бир топ пункттар

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



менен көрсөтүлгөн [3].

И. Арабаев, А.Сыдыков, Ж.Абдрахманов, А.Орозбеков башында турган кыргыз элинин алдыңкы мууну түптөгөн республиканын алгачкы Конституциясында кыргыз тили мамлекеттик тилдин конституциялык статусуна ээ болгон. Кыргыз Автономиялуу Советтик Республикасынын 1929-жылдагы Конституциясында кыргыз тили орус тили менен катар мамлекеттик тил статусуна ээ болду [4]. Бирок 9 жылдан кийин Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясынан кыргыз тили мамлекеттик тил деген норма алынып салынды.

Кыргыз тилин өздөштүрүү, иш-кагаздарын ал тилде жүргүзүү, улутташтыруу боюнча 1931-1932-жылдарда да жогорку тараптын бир нече токтом, буйруктары чыгып турган. Андыктан мамлекеттик деңгээлдеги ушундай иш-кагаздары ал мезгилдин тилге олуттуу маани бергендигин тастыктап турат. Ал учурдун татаал мезгилдерине карабастан И.А.Батманов, А.Шабданов, М.Кангельдиев, К.О.Бакеев сыяктуу көптөгөн окумуштуулар, педагогдор тарабынан башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз тилин окутуу колго алынган. Бирок бул изги иштер 30-жылдардын ортосунан кийин басаңдай баштап, орус тилинин ролу өсө баштады [5.5-7.].

1945-жылы Т.Кулатовдон кийин Кыргыз ССР министрлер Советинин төрагалыгына Исхак Раззаков дайындалат. И.Раззаковго бул кызмат орундан да ага өз жери, өз эли анын келечеги, тили кымбат болчу. Ошондуктан өзбек, орус, тажик тилдүү чөйрөдө көп жүргөн И.Раззаков Кыргызстанга кубануу менен келген жана эки ай аралыгында кыргыз тилин мыкты өздөштүргөн. Арадан беш жыл өткөндөн кийин 1950-жылдан Н.Боголюбовдон кийин Кыргызстан КП БКнын 1-секретары болуп дайындалып Кыргыз мамлекетин башкарууга киришет. Согуштан кийин бүлүнгөн чарбаларды түптөө менен катар башка тармактарды да өнүктүрүү маселеси күчүндө турган татаал мезгил болчу. И.Раззаков Кыргызстан КП БКнын 1-секретары болуп дайындалган 50-жылдарда совет элинин коммунизмди куруунун бийик чыгуу орус тилин үйрөнүүнү тездеткенде гана жүзөгө ашат деген сыяктуу түшүнүк коомчулукта орун алган болчу. Ошондуктан совет өлкөлөрүндө бардык сфераларды ашкере идеологиялаштыруу, буга чейинки жүргүзүлүп келе жаткан тил саясатынын таасирин төмөндөткөн. Ошондо башкаруу аппаратын улутташтыруу маселеси да толук жүзөгө ашпай калды. Тескерисинче партиялык жана советтик мекемелерде иштөө үчүн башкы критерий орус тилин жакшы билүү санала баштады. Улуттук тилдеги мектепке чейинки бала бакчалар шаар жеринде такыр иштебей калды. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептердин саны азайды. Билим берүү мекемелеринде кыргыз тилин окутуунун көлөмү кыскарды.

Дал ушундай учурда 1956-жылы 14-25-февралда Москвада КПССтин XX съезди болуп өтөт. Ага чечүүчү добушка ээ болгон 1349 делегат жана кеңешчи добуш укугу бар 81 делегаттан сырткары партиянын мүчөлөрү катышкан. Күн тартибинде КПСС Борбордук Комитетинин отчеттук доклады (докладчы Н.С.Хрущев), КПССтин Борбордук текшерүү комиссиясынын доклады (докладчы П. Г. Москатов); СССРдин эл чарбасын 1956-60-жылдарда өнүктүрүүнүн 6-беш жылдык планы боюнча КПССтин XX съездинин директивалары (докладчы Н. А. Булганин) жана партиянын борбордук органдарын шайлоо жөнүндө маселелер камтылган. Аталган ушул съезд тарыхта көптөгөн тарыхчылардын көп түрдүү дискуссиясына чакырып келет. Анткени бул съезд жеке адамга сыйынууну жана кыйыр түрдө Сталиндин идеологиялык мурасын айыптаганы менен белгилүү. Съезддин жүрүшүндө советтик мыйзамдуулукту чыңдоо, граждандардын укуктарын кыйшаюусуз сактоо, чарбалык жана маданий курулушта республикалык органдардын укуктарын кеңейтүү боюнча көрүлгөн чараларды бекитип, Борбордук Комитетке советтик социалисттик демократияны мындан ары өнүктүрүүнү камсыз кылууну тапшырды. Ошондой эле партиялык уюмдарга чарбалык курулушка конкреттүү жетекчилик кылуу маселелеринде кескин бурулуш жасоонун зарылдыгы белгиленди. КПССтин тарыхый XX съездине И.Раззаков, К.Дикамбаев да катышкан. Съезд союздук жана автономиялык республикалардын укуктарын кеңейтүүнү, жергиликтүү шарттар менен өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен зарыл маселелерди өздөрү чечүү үчүн аларга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берүү керектигин белгиледи.

Москва көрбөй-билбей келген жергиликтүү көйгөйлөр эми туура чечилет деген ой, үмүт-тилектер ошондо И.Раззаковдо жана башка республика жетекчилеринде туулду. Съездде көтөрүлгөн маселелерге улай жана андагы тапшырмаларга чын дилден ишенүү менен И.Раззаков бир катар чечимдерди кабыл алган. Тагыраагы 1957-жылдарда Кыргызстанда И.Раззаковдун түздөн-түз киришүүсү менен элдин саламаттыгын сактоого, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө карата тарыхый чечимдер кабыл алынган. Атаганда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Министрлер Советинин 1957-жылдын 17-сентябрындагы «Мектеп окуучуларын акысыз ысык тамак менен камсыз кылуу жөнүндөгү» токтом кабыл алынды. 1958-жылы 29-майда болсо КССРинин Советинин "Балдар арасында ооруну төмөндөтүү боюнча чара жөнүндө" токтомго ылайык 1 жашка чейинки ден соолугу начар балдарга бекер тамак-аш берүүнү уюштуруу, 1958-жылдын 28-июнунда «Орус тилинде окуткан мектептерге кыргыз тилин киргизүү жөнүндө» жана Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросунун «Кыргыз жаштарынын арасынан

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



адистерди даярдоону жакшыртуу чаралары жөнүндөгү» токтомдору кабыл алынды. Совет бийлигине улуу көсөмдүн жогорку партиялык органдарга улуттук кадрларды даярдоо, саламаттыкты сактоону өнүктүрүүгө, калктын турмуш жыргалчылыгын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурушу жакпады. Ушул токтомдор И.Раззаковдун көп жылдык мамлекеттик ишмердүүлүгүнө коюлган акыркы чекит болду [6]. И.Раззаков тарабынан тил маселесинде кабыл алынган чечим Улуу Ата Мекендик согушка чейин орус тилдүү мектептерде окутулуп келген кыргыз тил сабагын улантуу максатында көп маанини камтыган эле. Мисалы, элдердин достугун чыңдоо, тил билүү, салт-санаа, үрп-адаттарды өздөштүрүү чыныгы интернационализмге, улуттар ортосундагы ынтымак менен ырашкерлик сыяктуу изги максаттарга негизделген болчу.

И.Раззаковдун башкаруусундагы республиканын динамикалуу өнүгүшү Москваны чочулатты. Өз өлкөсүнө болгон мындай камкордук ал учурда бир да советтик өлкөлөрдүн жетекчилиги тарабынан жасала элек болчу. Өзгөчө мамлекеттик ишмердин кыргыз тилине жасаган басымы ал мезгилде өтө эле опурталдуу болчу. Бирок анын дилинде совет бийлигине каршы туруу, бөлүнүү жок болчу. Ал совет бийлигине абдан ишенген болчу. Бирок Советтер Союзунун Коммунистик партиясы И.Раззаковдун аракеттерин мамлекеттик тартипти бузгандык, өз алдынчалыктан өтө эле аша чабуу деп кескин айыптап чыкты. Чыныгы интернационалист инсан эми бийликтин катуу соккусуна кабылды. Анын тагдырын чечүүгө жогорку тарап кызуу киришти.

Адегенде СССР өкмөтү балдарды акысыз тамактандыруу жөнүндөгү анын чечимин “популисттик” кадам катары баалап, 1958-жылдын жазында жокко чыгарды. И.Раззаковдун соратниги К.Дыйканбаев КПСС БКнын кызматкерлери Ф.Козлов, М.Суслов, В.Титов, Т.Осетров, М.Гавриловдордун “Силер союздук мамлекеттердин ичинде артыкча (кыйын) көрүнөлү дедиңерби? Коммунизмге эрте жеткиңер келеби? Эл алдында ушундай жол менен кадыр-баркыңарды көтөргүңөр келдиби?” – деп, кагып-силккенин эскерген. В.Титовдун: “Эмне үчүн ошондой чечимди, ачык айтканда, кыргыз тилин орус мектептеринде окутуу тууралуу чечимди кабыл алдыңар – бул улутчулдуктун барып турган чеги эмеспи?!”– деген сөздөрүн баса белгилеп айтат [7].

Негизи улуттук аң-сезими жогору инсан И.Раззаков тил маселесинде түз жана кыйыр түрдө өз оюн билдирип келген. Архивдик маалыматтардан улуу көсөмдүн улуттук маданият, тилдин өз алдынчалыгын сактоо, аларды ар тараптуу өнүктүрүү зарылдыгын кыйыр түрдө айтып, ошол шарттагы этияттыкты, бирок ошол эле учурда тартынбай өз оюн билдирип тургандыгын ачык эле байкоого болот [8].

И.Раззаковдун келечекти көрө билген улуу көрөгөчтүгүнө, оюунун тереңдигине, тазалыгына бүгүн да таң калбай кое албайбыз. Ал көтөргөн тарыхый маселелер арадан дээрлик жарым кылым ашуун мезгилден кийин да актуалдуулугун жоготпой, кайра күчөгөн маселелерге айланды. 80-жылдардын аягында жүз берген саясий процесстерден кийин советтик республикалар анын ичинде биздин республика да тил маселелерине активдүү кирише баштады. Натыйжада көп улуттуу калкы бар кичинекей Кыргыз мамлекетинде эгемендүүлүктүн алдыңкы жылдары тил тууралуу маселелер көтөрүлүп чыгып, мамлекеттик тил статусуна ээ болду. Улуу калк атасы эңсеген тилектер жүзөгө ашып, кыргыз тилине болгон талаптарды аткаруу ар бир Кыргызстандын жаранына улутуна карабастан милдеттендирилди. Иш-кагаздары кайрадан кыргыз тилине өткөрүлдү. Көп кылымды карыткан кыргыз тили азыр биринчи кезекте кыргыз элинин кадырлоосуна, даңазалашына, бул тилде бардык иш-аракеттерде такай колдонуп сүйлөшүүсүнө муктаж болуп турат.

Биздин пикирибизде Кыргыз мамлекетинин ар тараптуу өнүгүүсүндө Исхак Раззаковдой улуу инсандарыбыздын жеке адамдык, мамлекеттик жетекчиликтеги орду тууралуу ар тараптуу изилдөөлөр абдан зарыл. Анткени алар мамлекет, калк үчүн жашап, аракеттенишкен. Ага керт башын сайышты. Өз кызыкчылыкатарынан өлкө, элдин кызыкчылыгы артык болду. Ошондуктан алардын мезгилиндеги иш-аракеттер менен тереңден таанышуу, алардын мамлекетти өнүктүрүүдөгү ар бир асыл ойлору бүгүнкү өнүгүүбүзгө, эртеңки келечегибизге багыт берет.

**Адабияттар:**


1. КР БМА Ф 20. 1 Т. К 36. 6 б.
2. КР БМА. Ф.20.1Т.50К.42б.
3. КР БМА Ф. 23.Тиз.1.9 К 276-280-бб.
4. President.kg https://www.president.kg › sobytiya
5. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары: мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. - 2001. -344 б.
6. Темиралиева Г.Т. Личность Исхака Раззакова. //Международный журнал экспериментального образования. - 2020. - № 6. - С. 5-9.
7. Авазов А. Исхак Раззаковдун инсандык феномени жана трагедиясы. KADAM-MEDIA.KG 15.05.2020.
8. Г.Мадаминов, И.Мадаминов. Исхак Раззаковдун инсандык жетекчилик өзгөчөлүктөрү. –Б.”Китеп KG” басмасы. 2020. 152 б.
9. Курбонов А.Д., Абдуллаев Р.М., Эржигитова Ш.Ж. Сулюкта – малая родина исхака раззакова. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 8. С. 67-72